Бишкек шаарындагы Свердлов районунун №94 ЖОББ мектеби

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмеси

# Сабактын планы

Тема: Эсенгул Ибраев «Улут болсом, тилим менен улутмун»

(сабак-кече)

**Улут болсоң
– тилиң менен улутсуң,
улук болсоң
– тилиң менен улуксуң...**

кыргыз тили жана адабияты мугалими: Орозобаева Миргүл Мукановна

Бишкек-2023

Бекитемин: ____________ Мөөнөтү: 06.03.2023 11-класс

## Сабактын темасы: Эсенгул Ибраев «Улут болсом, тилим менен улутмун»

Сабактын максаты:

1. Билим берүүчүлүк: Э.Ибраевдин өмүрү жана чыгармачылыгы туралуу маалымат алышат;
2. Өнүктүрүүчүлүк: Окуучулар Э.Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун» чыгармасын көркөм жана туура, так айтууга үйрөнүшөт, сөз байлыктарын өстүрүшөт;
3. Тарбия берүүчүлүк: Кыргыз тилин сүйүүгө, аны жан дили менен үйрөнүүгө тарбияланышат. Эли-жерин сүйүүгө, өз тилин сактай, барктай билүүгө, эстетикалык табитин өстүрүүгө тарбияланышат;

Көрсөткүчтөр:

1. Э.Ибраевдин өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат алышса;
2. Чыгарманы так, туура жана көркөм айта алышса;
3. Өз мекенин, элин сүйүүгө, коргоого жана анын тарыхын окуп үйрөнүүгө, каада-салтын сыйлоого, улутту кастарлай билүүгө тарбияланышса.Сабактын ыкмасы: Интерактивдүү, аралаш.

Сабактын тиби: жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабактын формасы: сабак-практика

Сабактын жабдылышы: көрсөтмө куралдар, сүрөт, плакат, видео слайд, батман, проектор ж.б.

Сабактын жүрүшү:

1. Уюштуруу-3 мүнөт
2. Өтүлгөн теманы кайталоо-2 мүнөт
3. Жаңы теманы түшүндүрүү-20 мүнөт

4. Бышыктоо- 15 мүнөт
5. Жыйынтыктоо-2 мүнөт
6. Үй тапшырма-1 мүнөт
7. Баалоо-2 мүнөт

1.Сабактын жүрүшү:

Саламатсыңарбы балдар! Жалпыңарга күн нурундай жылуулукту, гүлдөй сулуулукту каалайм. Кана балдар, өзүңөрдүн акылдуу, мээримдүү, сүйкүмдүү көзүңөр менен бир жылмайып койгулачы. Э.Ибраевдин «Ала-Тоо таңшыйт» ырын ырдоо менен жагымдуу маанай тартуулашат.

Бүгүнкү сабагыбыз күндөгү сабактардан өзгөчөлөнүп турат, себеби биз бүгүн меймандарды тосуп отурабыз. Конокторду тоскондо кыргыз элинин салты боюнча «Кош келиңиздер!» деп айтабыз.

Бүгүнкү сабагыбыздын максаты Э.Ибраевдин өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу жаңы билимге ээ болобуз, ырларын так, туура жана көркөм айтууга машыгабыз, эне тилибизди сүйүүгө жана сыйлоого тарбияланабыз.

2.Өтүлгөн теманы кайталоо. ( Биз силер менен дил баян жазганбыз)

3.Жаңы теманы түшүндүрүү

Эсенгул Ибраев (16.03.1933–2005) - кыргыздын чыгаан акын жана сатириктеринин бири, журналист, публицист, Кыргыз Республикасынын эл акыны.

Кыскача өмүр таржымалы ( Эркинбекова Айтунук)

Эсенгул Ибраев Кыргызстандын Нарын облусуна караштуу Чет-Нура кыштагында 1933-жылы 16-мартта туулган.

1952-жылы Нарындагы педагогикалык окуу жайын бүтүргөн.

1952–1956-жж. Кочкор, Нарын районунун мектептеринде жана райондук комсомол комитеттеринде иштеген.

1961-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин аяктаган .

1961–1987-жж. республикалык саясий сатиралык «Чалкан» журналында адабий кызматкер, бөлүм башчы, жооптуу катчы, редактордун орун басары, башкы редактор болуп иштеген.
1962-жылдан СССР Журналисттер союзунун мүчөсү болгон.

1970-жылдан СССР Жазуучулар союзунун, Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармалыгынын мүчөсү, Нарын «Ынтымак» коомунун президенти болгон.

Акындын "Жан дүйнө жаңырыгы" ыры (Ариет)

Бул ыр улуу акын Э.Ибраевдин эл-журтуна айткан керээзи сыяктуу болуп калды.

Ук бардыгың,
Бул жарлыгым –
Жан дүйнөмдүн жаңырыгы,
Жанар тоодой
Жарып чыккан көөдөндү.

Кыргызым–ай,
Ырысым–ай!
Ырксыздыгың,
Ыйкы–тыйкың
Сезимиме теменедей төөнөлдү.

Көзкаманың,
Көбөшүң ук,
Бөтөнүң ук,
Бөдөшүң ук,
Падышаң ук,
Букараң ук,

Бектериң ук,

Бечараң ук!

Калк көтөргөн ханың ук,

Каны суюк жашың ук,

Калыс,

Калбаат карың ук,

Атпай кыргыз,

Баарың ук!!!

Сыйлыктары. Наамдары ( Ташполотова Береке)

---

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы, Ардак грамоталары менен сыйланган.

1999-жылы Ата Түрк маданий борбору менен Ата Түрк Илим жана тарых боюнча кеңешинин ардактуу академиги,

1999-жылы Автордук укук-ту коргоо боюнча Швейцариялык «Суисанын» мүчөсү болгон.

1994-жылы «Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер»,

2001-жылы «Кыргыз Республикасынын Эл акыны» наамы берилген.

2002-жылы Эл аралык «Руханият» ассоциациясынын лауреаты болгон.

2006-жылы «Насыят» китебине Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Токтогул сыйлыгы ыйгарылган.

4.Бышыктоо (Окуучулар «Улут болсом, тилим менен улутмун» ырын так, туура жана көркөм айтышат)

УЛУТ БОЛСОМ, ТИЛИМ МЕНЕН УЛУТМУН!

Эй жарандар, Эрендер,

Бектер жана берендер,

Эл баштаган кеменгер,
Мейли бакыр,
Мейли баатыр…
«Мен кыргызмын» дегендер!
Зоок үчүн келгеним жок бул жерге.
Соболум бар
Айта турган силерге.
Бир Ата Журт,
Бир Асаба,
Бир ажо бар бир элде.
Анан муну билип ал,
Кулагыңа сырга кылып илип ал:
Ар адамдын
Ар башкача дини бар,
Ар башкача дили бар,
Бирок билгин,
Бирден гана тили бар,
Эй, эрендер!
Эскертерим силерге:
Чындап кызмат кылам десе ким элге,
Сүйсүн тилин
Сүйгөн жарын сүйгөндөй,
Күйсүн тилге
Перзентине күйгөндөй.
Жалгыз ырын ырдай берет кекилик,
Кекиликтер койсун мени кечирип.
Эне тилин билбей туруп,
Эне тилге күйбөй туруп,
Эли-журтун
Сүйөмүн деш чекилик.



Ысыгыңа алар күйүп,

Суугуңа тоңо албайт,

Эне тилин түшүнбөгөн,

Кур кыйкырып күпүлдөгөн,

Эч убакта Ата Журттун

Анык уулу боло албайт!

Анан муну билип ал,

Адам түгүл,

Айбандын да тили бар

Жана да бир кызык кеп,

Айтканыма далил болор бышык кеп:

Өз тилине өзү каршы чыккан бар,

Өзөк өрттөп,

Өздөн чыккан душман бар.

Кыргыз туруп

Кыргыз боло албаган,

Кийиз жүрөк

«Киргиздерге» таң калам.

Эне тили гүлдөп жаткан,

Эне тилде сүйлөп жаткан,

Коңшулардан арданам.

Тилибизге кесир кылсак,

Тирүү туруп жетим кылсак,

Чоң өкүнүч бар мында.

Жууса кетпес күнөө болор

Соңку келчү урпактардын алдында.

*xxx*

Кызгалдактай гүлдөсүн,

Жайып тамыр-бутактарын

Жаш арчадай бүрдөсүн,

Ишкананы кенен ээлеп,
Иш кагазда сайрасын,
Көчөлөрдө эркин басып,
Көрнөктөрдө жайнасын.
Бакчалардан байыр алып,
Окуу жайда окулсун,
Тоолуктардын өз тилинде
Токтомдору токулсун,
Телеграф, телефондор
Сүйлөп турсун кыргызча,
Ата Журттун эне тили
Аралашсын турмушка.
Желбиреген желегиндей,
Жетсин колу жылдызга!
Бул чындыкты өз да,
Жат да угушсун,
Эне тилим –
Энем,
Элим,
Уюткум.
Тунук болсом –
Тилим менен тунукмун,
Улук болсом –
Тилим менен улукмун,
Улут болсом –
Тилим менен улутмун!
Анткени тил –
Ар улуттун улуттугун аныктаар,
Паспорту да,
Мандаты да,

Метрикасы улуттун!

5.Жыйынтыктоо

Тил жоголсо, жалаң эле тил жоголбойт, элдин сөз мурасы, руху, эчен кылымдардан бери келе жаткан оозеки чыгармачылыгы да жоголот. Эми, биз ошол тилибизди сактап калууга өз салымыбызды, болгон күч аракетибизди, жумшайбыз.

«Адамдын эне тили – анын жан тумары» дегендей, жан дүйнөдөгү ой тизмектерди тилибиз аркылуу билдирип жүрөлү.

Залкар жазуучубуз Ч.Айтматов: «Кылымдан кылым өтүп, кыргыз эли жер үстүндө жашап турса, кыргыз тили да жашай берет», – деп айткандай, эне тилибиз — кыргыз тили нечендеген кылымдар бою жашап келген, жашап жатат жана жашай бермекчи!

Окуучулар стикерге тема боюнча бирден сүйлөм жазышат жана бакка илишет.

*Бар бол кыргыз элим! Бар бол эне тилим — кыргыз тилим!*

6. Үй тапшырмасы

Окуучулар «Кыргыз элинин улуттук тили, улуттук маданиятынын очогу» деген темада эссе жазып келишет.